# 2022-2023- окууу жылында ОшМУнун Эл аралык программаларынын жогорку мектебинин диреторунун тарбия иштери боюнча  орун басарынын аткарылган иштеринин отчету

Орозов Максатбек Омурбекович



# Испаниянын Кадис университетинен келген делегация ОшМУда


Буга чейин  макулдашылган биргелешкен PhD программаларын ишке ашыруу, окумуштуулар үчүн стажировкаларды уюштуруу, диссертацияларга биргелешип жетекчилик кылуу, бакалавр, магистратура, тил үйрөтүү программалары, ОшМУнун базасында ачылып жаткан Кыргыз-Испан борбору тууралуу пикир алышты

2022-09-05

23-сентябрь, 2022-жылы

ЭАББПЖМнын жалпы окутуучулары жана студенттери Мамлекеттик тил күнүн   кыска форматта белгилешти.

Эне тилди аздектөө, өнүктүрүү ар бир инсандын милдети. Көптөгөн  эл-жерине патриот Баатыр жоокерлерибиздей, биз да Эне тилге, эл жерибизге мамилебиз ыйык. 1-курстардын студенттери көркөм окуулары, дубал гезиттери менен Эне тил күнүн даңкташты.





# ОшМУнун студенттери “Боорукердик” уйундо болушту

Каропкада чогулган акча 3840 сом+5000 сум

2. Баткенге жардам 456 сом

3. ВНО(б)-1-22 -1750 сом

4. ВНО(б)-2-22- 1300 сом

Баары: 7346 сом



# Мугалимдин күнүн майрамдоо

Студенттер менен биргеликте мугалимдерди куттуктоо иш-чарасын өткөрдүк. Анда жогорку мектептин профессордук-окутуучулук жамаатын тан эртен окуу жайдын алдынан шириндик менен тосуп алып, жылуу сөзүбүздү арнадык.

05.10.2022





# Эл аралык спорт күнү

ОшМУнун факультеттерин 1-курстар аралык өткөрүлүп жаткан спартакиядасында ВШМОПтун студентттери баскетбол боюнча 2 орун, женил атлетика боюнча 400 метр аралыкта 2 орунду Закиров Ооматбек, 800 метр аралыкта 3- орунду Кадырбек кызы Малика камсыздады.

Шахмат боюнча 2- орунду Асилбеков Ариел МОЦД(б)-1-22 тайпасынын студенти алды. Командалык эспте ЭАББПЖМнин 1- курстарынын студенттери VI-орунду камсыздашты.

**ОшМУнун ЭАББПЖМде Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматкерлеринин күнүнө карата иш-чара өткөрдү.**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн үчүнчү катчысы Манас уулу Атабек “Аймак таануу” жана “Эл аралык мамилелер жана санариптик дипломатия” программаларынын студенттери үчүн конок лекциясын окуду.

24.10.2022

**ЭАББПЖМ ТМИ 1-курсунун ПИТК(б)-1-22 тайпасынын студенттери Аланов Амантур жана Койчуев Айтыбек өздөрүнүн проекттерин жарыялады!**



**ЭАББПЖМ  Россия жана Евразиялык интеграция бөлүмүндө Кыргызстандын дипломатиялык кызматкерлеринин күнүнүн алкагында «Эрудит Квинтет» интеллектуалдык оюну болуп өттү.**

27.10.2022













Кореянын улуттук маданияты менен таанышуу кечеси уюштурулду. Иш-чарага Ош шаарындагы Седжонг институтунун директору Ким Джонг Енг, окутуучулар, студенттер жана коноктор катышты.

Корей маданиятын тааныштыруу максатында уюштурулган кечеде аймак таануу адистигинде корей тилинен билим алган студенттер корей элинин улуттук ыр, бийлерин аткарып, улуттук маданиятын көрсөтүп беришти.

**ЭАББПЖМ** Россия-Евразия интеграциялоо бөлүмүнүн "Башталгыч билим берүү. Англис тили" адистигинин 1-2-курстарынын ортосунда **"Halloween day, Золотая осень"** аттуу музыкалуу иш-чара болуп өттү





01.11.2022

1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата ОшМУнун Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде студенттерине түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.



Эл аралык билим берүү программаларын жогорку мектебинин түрк тилдүү мамлекеттердин интеграция бөлүмүндө студенттердин **ата-энелери менен** жолугушуу болуп өттү.





ОшМУнун Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде **"Күзгү бал"**конкурсу болуп өттү. Конкурста ЭАББПЖМнин "Хан жана Ханышасы" аныкталып жогорку мектептин жана студенттер кеңешинин баалуу белектери менен сыйланышты

23.11.2022






## ЭАББПЖМнын Россия-Евразия интеграциялоо бөлүмүндө "Япон маданияты" аттуу иш-чара болуп өттү.

Кече улук окутуучу З.Асанахунова тарабынан жогорку деңгээлде уюштурулуп, атайын япон элинин Оштогу өкүлчүлүгү да катышты, куттуктоо сөз сүйлөштү.

24.11.2022

**Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын эл аралык күнүнө карата «Биз биргебиз» аттуу балдарды колдоо акциясы уюштурулду.**

Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде 3-декабрь - Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын эл аралык күнүнө карата «Биз биргебиз» аттуу балдарды колдоо акциясы уюштурулду.Топтолгон каражат мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын эл аралык күнүнө карата окуу жайдын Жаштар комитети менен уюштурулган иш-чарада тиешелүү адамдарга тапшырылат.



1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата ОшМУнун Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин студенттерине түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү








ОшМУда факультеттердин жана колледждердин арасында өткөн **"Тамашоу-2022"** шайыр-тапкычтар оюнунда **ЭАББПЖМ**нын атынан катышкан кыздар командасы жалпы эсеп менен 15 команданын ичинен 2-орунду ээлешти.





## ЭАББПЖМде киберспорт боюнча **“Counter-Strike”** аттуу тайпалар арасында турнир болуп өттү.

Оюнда башка тайпалардан өзгөчөлөнүп 3 тайпа финалга чыкты

Аталган тайпалар ардак грамота жана акчалай сыйлыктар менен сыйланышты .

14-декабрда залкар жазуучу Чыңгыз Төрөкулович Айтматовдун 94 жылдыгына карата “Кылым карытар бир күн” романынын негизинде китеп конкурсубуздун 2-түрү (оффлайн форматы) болуп өттү.

Китеп конкурста жеңүүчүлөр ЭАББПЖМнин директору Д.А.Турсунов тарабынан ардак грамота жана кызыктыруучу белектер менен сыйланышты.





**Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде Жаштар комитети жана Акыйкатчы аппараты тарабынан жаңы жыл майрамына карата концерттик программа болуп өттү.**

Жыл жыйынтыгы чыгарылып **«Жылдын мыкты куратору - 2022» ,“Жылдын мыкты тайпасы” ,“Жылдын мыкты старостасы” ,“Жылдын мыкты студенти”** наамдары берилди.




# Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде достук мелдеши өттү.

Анда Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектеби менен Кызыл-Кыя гуманитардык институтунун ортосунда спорттун волейбол түрү боюнча болду. Мыкты команда жана оюнчулар Ардак грамоталар менен сыйланышты.

## ЭАББПЖМде «Кантип ийгиликтүү бизнести түзүү керек» аттуу семинар болуп өттү.

Бул семинарга Ага хан фондунун жаштар бирикмеси менен иштешүү бөлүмүнөн Кадыров Искендер келип ,студенттер үчүн пайдалуу маалыматтары менен бөлүштү.







# "Балдар биздин келечегибиз"

аттуу кайрымдуулук акциясы 2022-жылдын 20-декабрында Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин Россия жана Евразиялык интеграция бөлүмүнүн "Аймак таануу" программасынын студенттери тарабынан кайрымдуулук акциясы чегинде Өзгөн районундагы "Марат Разаков" интернатынын тарбиялануучулары менен жолугушуп келишти.

## ОшМУнун ЭАББПЖМ директору ф-м. и. д., профессор Дилмурат Турсунов менен жолугушуу

Жолугушуу түрк тилдүү мамлекеттердин интеграция бөлүмүнүн программмалоо инженериясы адистигинин активдүү студенттери менен болду.

Анда санариптештирүү, автоматташтыруу жана электрондоштуруу боюнча университетте аткарылып жаткан иштер боюнча маалымат берди.





2023-жылдын 2- февралында  Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде **“Scopus жана Web of Science базаларындагы журналдарда макала жарыкка чыгаруу”** аттуу семинар уюштурулду.

Семинарга Ташкент мамлекеттик экономикалык университетинин профессору, ф.-м.и.д., **Юлдашев Т.К. конок лектор** катары келип, өзүнүн тажрыйбасы менен бөлүштү.




**ОшМУнун Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде «Дени сак улут, дени сак жашоо» аттуу спорттук мелдеш болуп өттү.**

Мелдешке жогорку мектептин 3 бөлүмүнүн “Эверест” командасы, “Универсал ” командасы жана “Береке ” командалары катышып, эстафеталык спорттук оюндарда күч сынашты.

1-орунду ээлеген “Универсал” командасы 4000 сом, 2-орунду ээлеген “Эверест” командасы 2000 сом, 3-орунду ээлеген “Береке” командасы 1500 миң сом акчалай сыйлык, сертификат менен сыйланышты.

ОшМУнун Эл аралык билим берүү программалынын жогорку мектебинин директору ф-м. и. д.,  профессор Дилмурат Турсунов жогорку мектептин 2-3-4-курстарынынын старосталары менен жолугушту.






ОшМУнун Эл аралык билим берүү программалынын жогорку мектебинде 14-февраль - **Эл аралык китеп белекке берүү күнү**нө карата иш-чара өттү.

Мында атайын Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин жалпы студенттери үчүн телеграмм канал ачылып, ага катталган 400гө жакын студенттерге учурдагы актуалдуу болгон 100дөн ашуун китептердин электрондук версиялары белекке берилди.

Ош шаардык жаштар иштери боюнча комитети тарабынан уюштурулган «Көңүлдүү жигиттер» фабрикасынын чейрек финал оюну болуп өттү. Жылпысынын 14 команда катышып, анда Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебининен кыздар тарабынан түзүлгөн « Girl style» командасы катышып, финалга жолдомо ала алышты.



Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде 23-февраль - Ата-Мекенди коргоочулардын күнүнө карата «Дени сак улут - дени сак жашоо» аттуу эстафеталык оюну уюштурулду. Мелдеш студенттердин ортосундагы достукту бекемдөө, ден соолугун чыңдоо, спортко болгон кызыгуусун өркүндөтүү максатында уюштурулду.





# ОшМУда Эл аралык эне тил күнү белгиленди

ОшМУнун жыйындар залында бүгүн, 21-февралда Ош шаарынын мэриясы, Ош мамлекеттик университети жана Кыргызстан калкы ассамблеясынын Ош бөлүмү тарабынан Эл аралык эне тил күнүнө арналган “Мамлекеттик тил – достуктун жана биримдиктин тили” деген аталыштагы майрамдык иш-чара өттү.







## ОшМУда Ата Мекенди коргоочулар күнүнө арналып уюштурулган "ОшМУ мырзасы-2023" кароо-сынагы болду.

13 мырза катышкан сынакта Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин атынан катышкан Россия жана Евразия интеграциялоо бөлүмүнүн 3-курсунун студенти Нурислам Нурланбеков 2-орунду ээлеп, "Күчтүү мырза" номинациясын жеңип алды.

Бүгүн, 24-февралда ОшМУнун Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин жалпы жамаатына ОшМУ нун Илимий китепканасынын электрондук ресурстар китепканасынын бөлүм башчысы Азамат Орозбаев баштаган электрондук китепкананын **өкүлдөрү келип жолугушуу өткөрдү**.



Ош мамлекеттик университетенин Эл аралык программаларынын жогорку мектебинин Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн Түркия республикасынын Сивас Жумхуриет университетине мобилдүүлүк программасына барып келген **Туризм багытынын студенттери бөлүмдүн студенттерине семинар өтүп беришти**.

Семинарды ТМИ бөлүмүнүн PhD окутуучусу Кулназарова Айнура Досуевна уюштуруп, мобилдүүлүк программасы тууралуу кыскача маалымат берди.





Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүндө туризм жана экономика адистиктеринин студенттери тарабынан уюштурулган **«Чай церемониясы»** аттуу иш-чара болуп өттү.











ЭАББПЖМ ТМИ бөлүмүндө программалык инженерия адистигинин студенттери үчүн **PROlab IT компаниясынын** программисттери менен жолугушуу болуп өттү.

Семинардын жетекчиси Алимов Тилло өзүнүн командасы менен биргеликте кесиптик ишмердүүлүгү, IT кесиптердин актуалдуулугу жана жасаган проекттери менен бөлүштү.

Ошондой эле студенттердин кызыктырган суроолоруна жооп берүү менен биргеликте, мыкты суроо ээлерине белек-сертификаттарды тапшырышты.

**8-март - Аялдардын эл аралык майрамына карата ЭАББПЖМ чакан иш-чара болуп өттү.**





# Волейбол боюнча мелдеш

Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде 21-март Нооруз майрамына карата Россия жана Евразия интеграция, Европа жана Америка интеграция, Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмдөрүнүн ортосунда спорттун **волейбол түрү боюнча кыздар арасында достук мелдеши** болуп өттү.







**Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде «Адеп-ахлак, кулк- мүнөз» аттуу семинар болуп өттү.**

Бул семинардын коноктору Теология факультетинин студенттери Жолдошов Эрлан, Камчыбек уулу Бекзат, Абибилла уулу Шеримкул, Манас кызы Айдана, Бактыбек кызы Жылдыз болушту.

Семинарда активдүү катышкан студенттерге баалуу китептер белекке берилди.

**ЭАББПЖМде Нооруз майрамына карата чакан концерттик программа уюштурулду.**

**Иш-чараны ЭАББПЖМнын директору Дилмурат Турсунов өзүнүн куттуктоосу менен ачып берди.**







## 25-март – Жогорку мектептин студенттери менен ОшМУнан жана Ош шаарынын ишембилигине активдүү катыштык








ЭАББПЖМ ОшМУ тарабынан чет өлкөлүк студенттердин документтерин текшерүүгө карата кезектеги ички рейд болуп өттү. **Рейддин максаты** факультеттерде жана колледждерде күндүзгү бөлүмдө окуп жаткан студенттердин регистрациялык талондорун, визаларын жана каттоодон өткөндүгүн жеринде текшерип бар же жогун аныктоо болду.

.









**Дени сак энеден - дени сак урпак төрөлөт”**

Ош облустук ооруканын гинеколог-врачы Д.Исмаилова менен Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин студенттери кыздары менен 19-апрелинде профилактикалык максатта жеке гигиена, ар кандай кыз балдарга тиешелүү ден соолук маселелери боюнча жолугушуу уюштурду.






**Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде студенттердин ой жүгүртүүсүн өстүрүү максатында «Акыл ордо» оюну болуп өттү.**

Бул оюнда факультеттеги 3 бөлүмдөн Америка жана Европа интеграциясы, Россия жана Евразия интеграциясы, Түрк тилдүү мамлекеттер интеграциясы бөлүмүнөн 4 катышуучудан турган командалар катышты.

ОшМУнун ЭАББПЖМде футбол боюнча **"Директордун кубогу-2023"** мелдеши уюштурулду. Мелдеш жогорку мектептин курстар арасында өтүп, ага 8 команда катышты.

**"Мыкты оюнчу", "Мыкты дарбазачы", "Мыкты коргоочу"** номинациялары, акчалай сыйлыктар жана кубок тапшырылды.













**18-майда Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде Орусиянын Воронеж мамлекеттик университетинин эл аралык байланыштар факультети менен онлай жолугушуу болуп өттү.**

Жолугушууга эки окуу жайдан 40 тан ашуун активдүү студенттер катышты.

Жолугушууда студенттер өздөрү билим алып жаткан факультеттери жөнүндө айтып беришип, “Тармактык байланышты өздөштүрүү” деген темада ой бөлүшүштү.

ОшМУда өткөн жыл мыктыларын сыйлоо аземинде Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинини МКН(б)-1-21 тайпасынын студенти Матиева Биназир жана ТМТ(б)-1-20 тайпасынын студенти Жанарбек кызы Элнура ОшМУнун **Окумуштуулар кеңешинин стипендиаты болушту.**














**Эки өлкөнүн ЖОЖдору конок лекция уюштурушту**

ОшМУнун Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин Россия жана Евразия интеграциясы бөлүмунун башчысы, доцент Дамира Акматова, директордун орун басары, доцент Максатбек Орозов, 50 ашуун студентттер 22-майда уюштурулган конок лекцияга катышты.

Конок лекцияны Воронеж мамлекеттик университетинин Эл аралык мамилелер факультетинин деканы, э. и. д., профессор Беленов Олег Николаевич окуду. Андан сырткары “Билим берүүдөгү заманбап технологиялар" жанра "Тыюу салуу же колдоо" деген тема боюнча факультеттин доценти Беленова Наталья Николаевна жана доцент Курганова Екатерина Борисовна да леция окуду. .

ОшМУнун ЭАББПЖМде волейбол боюнча **"Директордун кубогу-2023"** мелдеши уюштурулду. Мелдеш жогорку мектептин курстар арасында өттү.

Жыйынтыгында 1-орунду 2-курстар “Жигиттер” курама командасы, 2- орунду 4-курстар “Манас” командасы, 3-орунду 1-курстар “Жартар”командасы ээледи.














## ОшМУнун Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде "Бүтүрүү кечеси-2023" кечеси уюштурулду.

Салтанат окуу жайдын башкы имаратында өттү.

Кечеде ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Жылдыз Артыкова, жогорку мектептин директору Дилмурат Турсунов, бөлүм башчылар жана ата-энелер куттуктоо сөздөрүн жолдоп, бүтүрүүчүлөргө ак жол каалашты.

Кечеде окуунун, коомдук- маданий иштердин мыкты бүтүрүүчүлөрүнө ОшМУнун, жогорку мектептин ардак грамоталары, ата-энелерине ыраазычылык каттар тапшырылды. .